13.27. Овердрафт Макулдашуу жана Күрөө/Ипотека жана/же Кепилдик келишимдери түзүлгөндөн кийин гана берилет, ал эми аларды каттоо зарыл болгон учурда, тиешелүү мамлекеттик органдарда катталгандан кийин гана берилет. Эгерде овердрафт акча каражаттарын күрөөгө коюу формасындагы күрөө менен камсыздалса, анда овердрафт тиешелүү Күрөө келишими түзүлгөндөн жана Күрөө коюучунун атайын депозиттик эсебине күрөө камсыздоосу чегерилгенден кийин гана берилет. Эгерде Кардар овердрафт боюнча карызын төлөбөсө, Банк ушул Келишимдин, Макулдашуунун жана Күрөө келишиминин тартибинде жана шарттарында Кардардын карызын күрөө суммасынын эсебинен төлөөгө укуктуу.	13.27. Овердрафт предоставляется только после заключения Соглашения и Договоров залога/ипотеки и/или поручительства, а в случае необходимости в их регистрации, то только после регистрации в соответствующих государственных органах. В случае если овердрафт обеспечивается залогом в форме заклада денежных средств, то овердрафт предоставляется только после заключения соответствующего Договора о залоге и зачисления залогового обеспечения на специальный депозитный счет Залогодателя. В случае если Клиент не произведет погашение своей задолженности по овердрафту, то Банк имеет право произвести погашение задолженности Клиента за счет суммы заклада в порядке и на условиях, настоящего Договора, Соглашения и Договора о залоге.
13.28. Келишимдин колдонуу мөөнөтүндө Банк Кардардан тиешелүү суроо-талап келип түшкөн учурдан тартып 3 жумушчу күндүн ичинде төмөнкү маалыматтарды берүүгө милдеттенет: 1) овердрафттын алынышы жана Кардардын берилген овердрафт боюнча тартипти сакташы жөнүндө, анын ичинде мөөнөтү өткөн карыздын өлчөмү жөнүндө, аны башка финансы-кредиттик уюмга берүү үчүн; 2) Келишимде көрсөтүлгөн Кардардын банктык эсеби жөнүндө (эсептен көчүрмөлөр,	13.28. В период действия Соглашения, Банк обязуется в течение 3-х рабочих дней с момента поступления соответствующего запроса Клиента, предоставить информацию: 1) о получении овердрафта и о соблюдении дисциплины Клиентом по выданному овердрафту, в том числе о размере просроченной задолженности, для ее предоставления в другую финансово-кредитную организацию; 2) о банковском счете Клиента, указанном в Соглашении (выписки со счета, состояние

баланстын абалы, кредит боюнча төлөмдүн тастыктамасы), овердрафт боюнча карызды төлөөгө түшкөн акча каражаттарын бөлүштүрүү жөнүндө. 13.29. Кардар төмөнкү укуктарга ээ: - Келишимге кол коюлган учурдан тартып овердрафт боюнча лимитти пайдаланганга чейин овердрафт алуудан акысыз негизде баш тартууга; - Келишимдин долбоорун ага тиркелген бардык документтери менен кошо колуна алып, алар менен үч күндөн ашпаган мөөнөттө таанышууга; - Банкка кийин овердрафтты узартуу же реструктуризациялоо өтүнүчү менен кайрылууга, мында Банк Кардарга баш тартууга укуктуу; - Овердрафт боюнча төлөмдөрдү, туумдарды, айыптык санкцияларды, башка төлөмдөрдү эсептөө тартиби боюнча түшүндүрмөлөрдү алууга; - Кардардын кирешеси улуттук валютада күтүлгөндө, чет өлкөлүк валютада овердрафт алуу менен байланышкан тобокелдиктер жөнүндө түшүндүрмө алууга; - Ушул Келишимде, Макулдашууда каралган шарттарда овердрафтты мөөнөтүнөн мурда төлөөгө; - Банктын көйгөйлүү кредиттер менен иштөө саясаты, анын ичинде өзүнүн овердрафтын реструктуризациялоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалымат алууга. **14. «Интернет-Банкинг» тутумун колдонуу менен операцияларды жүргүзүү** 14.1. «Интернет-Банкинг» тутумунда аны ушул Келишимде каралган шарттарда тейлөө боюнча Банк тарабынан Кардарга кызмат көрсөтүлөт. 14.2. Банк «Интернет-Банкинг» тутуму жана анын мобилдик тиркемеси аркылуу жүзөгө ашырылуучу жеткиликтүү операциялардын/ бүтүмдөрдүн тизмегин жана лимитин өз алдынча аныктайт, мында «Интернет-Банкинг» мобилдик тиркемесиндеги жеткиликтүү операциялардын тизмеги жана лимити «Интернет-Банкингдин» стандарттык версиясынан айырмаланышы мүмкүн.	баланса, подтверждение платежа по кредиту), о распределении поступающих денежных средств в счет погашения задолженности по овердрафту. 13.29. Клиент имеет следующие права: - на безвозмездной основе отказаться от получения овердрафта с момента подписания Соглашения и до использования лимита по овердрафту; - получить на руки проект Соглашения со всеми прилагаемыми к нему документами и ознакомиться с ними в срок не более трех дней; - обратиться к Банку, в последующем, с просьбой о пролонгации или реструктуризации овердрафта, при этом Банк вправе отказать Клиенту; - получить разъяснения по порядку расчетов платежей по овердрафту, пени, штрафных санкций, иных платежей; - получить разъяснение о рисках, связанных с получением овердрафта в иностранной валюте, когда доходы Клиента ожидаются в национальной валюте; - произвести досрочное погашение овердрафта на условиях, оговоренных настоящим Договором, Соглашением; - быть проинформированным о политике банка по работе с проблемными кредитами, в том числе о возможности реструктуризации своего овердрафта. **14. Осуществление операций с использованием системы «Интернет-Банкинг»** 14.1. Банком предоставляется Клиенту услуга по его обслуживанию в системе «Интернет-Банкинг» на условиях, предусмотренных настоящим Договором. 14.2. Банк самостоятельно определяет перечень и лимиты доступных операций/сделок, осуществляемых посредством системы «Интернет-Банкинг» и его мобильного приложения, при этом перечень и лимиты доступных операций/сделок в мобильном приложении «Интернет-Банкинг» может отличаться от стандартной версии «Интернет-Банкинга».

14.3. «Интерте-Банкинг» тутумундагы Банктык тейлөө Кардарга аралыктан бүткүл дүйнөлүк Интернет тарамы аркылуу Кардардын жеке компьютеринин жардамы менен, же «Интернет-Банкинг» мобилдик тиркеме аркылуу – Кардардын жеке мобилдик телефонун колдонуу менен жүргүзүлөт. Анын Эсептик счетуна «Интернет-Банкинг» тутуму аркылуу жетүү үчүн Кардардын жеке компьютеринин жардамы менен, же «Интернет-Банкинг» мобилдик тиркемеси аркылуу каттоодон өтүү керек болгон Банктык бардык операциялар/бүтүмдөр Кардардын тапшырмасы («Интернет-Банкинг» тутуму аркылуу жүргүзүлгөн) боюнча Банк тарабынан аткарылат.	14.3. Банковское обслуживание в системе «Интернет-Банкинг» предоставляется Клиенту удалённо через всемирную сеть Интернет с помощью персонального компьютера Клиента, либо через мобильное приложение «Интернет-Банкинг» – с использованием персонального мобильного телефона Клиента. Все банковские операции/сделки исполняются Банком по поручениям Клиента (произведённым через систему «Интернет-Банкинг»), которому для доступа к его расчётным Счетам через систему «Интернет-Банкинг» необходимо пройти регистрацию с помощью персонального компьютера Клиента, либо через мобильное приложение «Интернет-Банкинг».
14.4. Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык «Интернет-банкинг» системасына кирүү коддору Кардардын идентификаторлору болуп саналаарын таанышат.	14.4. Стороны признают, что в соответствии с законодательством Кыргызской Республики Коды доступа к системе «Интернет-Банкинг» являются идентификаторами Клиента.
14.5. Тараптар Кардардын "Интернет-банкинг" системасындагы эсеби боюнча туура кирүү коддорун колдонуу менен жасалган операциялар/бүтүмдөр жөнүндө буйруктары Кардардан келип чыккан, Кардар тарабынан Банкка берилген, бүтүн жана өзгөрүүсүз, Кардар тарабынан Кардардын идентификаторун колдонуу менен кол коюлган деп эсептелерин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан коюлган талаптарга ылайык түзүлгөн кагаз жүзүндөгү документтердин юридикалык статусуна барабар юридикалык статуска ээ экендигин таанышат.	14.5. Стороны признают, что распоряжения Клиента о произведении операций/сделок в системе "Интернет-Банкинг", сделанные по Счёту с использованием правильных Кодов доступа к системе «Интернет-Банкинг», считаются исходящими от Клиента, переданными Клиентом в Банк, целостными и неизменными, подписанными Клиентом с использованием идентификатора Клиента и имеют юридический статус, равный юридическому статусу бумажных документов, составленных в соответствии с требованиями предъявляемыми законодательством Кыргызской Республики.
14.6. «Интернет-Банкинг» тутумун пайдалануу менен банктык операцияларды Кардар жүргүзгөнүн так ырастоо болуп Эсеп боюнча көчүрмө саналарын Тараптар таанышат, ал Эсеп Кардардын жазуу түрүндөгү өтүнүчү боюнча ушул Келишимдин 6.1-пунктунда белгиленген тартипте кардарга электрондук почтасына салынат же Кардарга атайы колуна берилет. «Интернет-Банкинг» тутумун колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча кандай болбосун талаштар пайда болгондо, эсеп боюнча жогоруда белгиленген Көчүрмө Кардардын нускамасына ылайык Банк банктык операцияларды жүргүзгөн фактысын ырстоочу	14.6. Стороны признают, что достоверным подтверждением проведения Клиентом банковских операций с использованием системы «Интернет-Банкинг» является Выписка по Счёту, которая по письменному запросу Клиента высылается на электронную почту Клиенту в порядке, установленном п. 6.1 настоящего Договора, или выдаётся Клиенту нарочно. Стороны также согласны, что в случае возникновения любых споров по проведённым операциям с использованием системы «Интернет-Банкинг», вышеуказанная Выписка по Счёту будет являться неоспоримым доказательством, подтверждающим факт

талашсыз далил болуп саналарына тараптар макул. 14.7. Банк төмөнкүлөргө милдеттенет: 14.7.1. «Интернет-Банкинг» тутумун колдонуу процессинде техникалык көйгөйлөр жаралган учурда аларды акылга сыярлык мөөнөттө жоюуга зарыл күч-аракет жумшоого жана бардык мүмкүн болгон аракеттерди жасоого. Ошол эле учурда Кардар Банкка доомат коюуга укуктуу эмес жана техникалык көйгөйлөрдү чечүү мезгилинде банктык операцияларды/ бүтүмдөрдү кагаз алып жүрүүчүлөрдү колдонуп, адаттагы ыкмалар менен жүргүзүүгө тийиш; 14.7.2. Ушул Келишимде каралган тартипте кардардан тиешелүү талап алынганда, же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда кардардын Эсебине жетүүнү дароо блоктоого; 14.7.3. Кардардын арызы боюнча жана/же Бнк тарабынан өз алдынча аныкталуучу башка ыкма менен ага «Интернет-Банкинг» тутумуна кирүүнүн жаңы коддорун берүүгө. 14.8. Банк төмөнкүлөргө укуктуу: 14.8.1. бул маалыматтарды Банктын ОТБларынын операциялык залдарындагы маалыматтык такталарга жана Банктын web-сайтына жайгаштырып, бир тараптуу тартипте, өз ыктыяры боюнча, Банктын «Интернет-Банкинг» тутумундагы тейлөөсүнүн Тарифтерин, лимиттерин жана шарттарын өзгөртүүгө; 14.8.2. Кардардын кандай болбосун Эсептеринен сыйакынын, операция/”Интернет-банкинг” тутумунда бүтүм жүргүзүү учурунда көрсөтүлгөн кызмат үчүн Банктын комиссиясынын суммасын акцептисиз (Кардардын макулдугусуз) чыгарып алууну жүргүзүүгө, ошондой эле жаңылыш салынган жана/же Кардардын Эсебине (Эсептерине) акчаны жаңылыш салып алуу фактысы аныкталган учурда сумманы, Банк алдында Кардардын кандай болбосун карызынын суммасын, ошондой эле ушул келишимде жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка учурларда эсептен чыгарууга; 14.8.3. Кардар жүргүзүлгөн операциянын реквизиттерин толук эмес (туура эмес)	проведения Банком банковской операции согласно инструкции Клиента. 14.7. Банк обязуется: 14.7.1. в случае возникновения технических проблем в процессе использования системы «Интернет-Банкинг», приложить необходимые усилия и предпринять все возможные действия по их устранению в разумные сроки. При этом, Клиент не вправе предъявлять претензий Банку, и в период устранения технических проблем должен осуществлять банковские операции/сделки обычным способом с использованием бумажных носителей; 14.7.2. немедленно заблокировать доступ к Счёту Клиента при получении соответствующего требования от Клиента, в порядке, предусмотренном настоящим Договором, либо в случаях, предусмотренных законодательством Кыргызской Республики; 14.7.3. предоставить Клиенту новые коды доступа в систему «Интернет-Банкинг» по Заявлению Клиента и/или иным способом самостоятельно определяемым Банком. 14.8. Банк имеет право: 14.8.1. в одностороннем порядке, по своему усмотрению, изменять Тарифы, лимиты и условия Банка на обслуживание в системе «Интернет-Банкинг», разместив данную информацию на информационных стендах в операционном зале ОСП Банка и на Web-сайте Банка; 14.8.2. производить безакцептное (без согласия Клиента) списание с любых Счетов Клиента сумм вознаграждения, комиссий Банка за предоставленные услуги в момент совершения операции/сделки в системе «Интернет-Банкинг», а также списание ошибочно зачисленных сумм и/ или в случаях установления факта ошибочного зачисления денег на Счёт(а) Клиента, сумм любой задолженности Клиента перед Банком, а также в других случаях, установленных Договором, и/или законодательством Кыргызской Республики; 14.8.3. отказать Клиенту в совершении операции/сделки в системе «Интернет-

көрсөткөн, аны жүргүзүү мөөнөтүн бузган, жүргүзүлгөн операциянын/бүтүмдүн КРдын колдонуудагы мыйзамдарына шайкеш келбеген учурда, операцияны/бүтүмдү жүргүзүү үчүн жана /же жүргүзүлгөн операция/бүтүм үчүн Банктын комиссиясын төлөө үчүн Кардардын Эсебинде акча каражаттары жетпеген учурда, ошондой эле ушул Келишимде жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда “Интернет-Банкинг” тутумунда операция/бүтүм жүргүзүүгө Кардарга баш тартуу.	Банкинг» в случае неполного (неверного) указания Клиентом реквизитов совершаемой операции/сделки, нарушения сроков ее совершения, несоответствия совершаемой операции/сделки действующему законодательству КР, в случаях недостаточности денежных средств на Счёте Клиента для совершения операции/сделки и/или для оплаты комиссий Банка за совершаемую операцию/сделку, а также в иных случаях, предусмотренных настоящим Договором, и/или законодательством Кыргызской Республики;
14.8.4. эгер, Банктын пикири боюнча, «Интернет-Банкинг» тутумунун коопсуздук процедурасын бузуу же бузууга аракет жасалып жаткан учурда, анын ичинде Банк тарабынан уюлдук телефонун жоготуу/уурдоо жөнүндө жана анын «Уюлдук банкингинин» үчүнчү жактар тарабынан колдонулуш ыктымалдуулугу жөнүндө же «Интернет-Банкинг» тутумунун колдонулушуна байланыштуу шылуундук, шектүү жана/же мыйзамга туура келбеген дагы иш-аракеттер/операциялар кылынганына шек туулуп жаткан учурда Кардардан билдирүү алынган учурда Кардардын «Интернет-Банкинг» тутумунан пайдаланууусун кечиктирбестен тосмолоого;	14.8.4. незамедлительно заблокировать доступ Клиента к системе «Интернет-Банкинг» в случаях, если, по мнению Банка, происходит нарушение или попытки нарушения процедуры безопасности системы «Интернет-Банкинг», в том числе если Банком получено уведомление от Клиента о потере/краже его мобильного телефона и вероятности использования его «Мобильного банкинга» третьими лицами или в случае наличия подозрения на осуществление мошеннических, подозрительных и/или других неправомерных действий/операций с использованием системы «Интернет-Банкинг»;
14.8.5. туура эмес паролду, жана/же ПИН-кодду, жана/же “Интернет-Банкинг” тутумуна жетүүнүн башка Коддорун киргизүүнүн 4 (төрт) аракетин коопсуздук тутумунун бузулушу катары кароо, анын натыйжасында “Интернет-Банкинг” тутумуна Кардардын жетүүсүн блоктоо;	14.8.5. рассматривать 4 (четыре) попытки ввода неправильного пароля, и/или ПИН-кода, и/или иных Кодов доступов к системе «Интернет-Банкинг» как нарушение системы безопасности, вследствие чего заблокировать доступ Клиента в систему «Интернет-Банкинг»;
14.8.6. программалык камсыздоону орнотуу же алмаштыруу үчүн жана/же алдын алуу иштерин жүргүзүү үчүн «Интернет-Банкинг» тутумунун ишин убактылуу токтотууну жүргүзүүгө;	14.8.6. производить приостановление работы системы "Интернет-Банкинг" для установки или для смены программного обеспечения и/ или для проведения профилактических работ;
14.8.7. төмөнкү учурларда Кардардын колдонуу мүмкүнчүлүгүн дароо жокко чыгарууга жана «Интернет-Банкинг» тутумуна кирүүсүнө тыюу салууга: a) ушул Келишимде каралган учурларда, Кардардын оозеки жана жазуу түрүндөгү өтүнмөсүнүн негизинде; b) Кардардын эсептери жабылган учурда;	14.8.7. немедленно аннулировать доступ Клиента и запретить доступ в систему «Интернет-Банкинг» в следующих случаях: a) на основании устного и письменного запроса Клиента в случаях, предусмотренных настоящим Договором; b) при закрытии Счетов Клиента;

c) Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарына ылайык Кардардын эсеби камоого алынган/тосмолонгон учурда; d) Кардардын эсеп боюнча ишмердигине чектөөлөр орнотулган учурда; e) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.	c) при наложении ареста/блокировки на Счет Клиента в соответствии с действующим законодательством Кыргызской Республики; d) при установлении ограничений на деятельность по счету Клиента; e) в других случаях, предусмотренных законодательством Кыргызской Республики.
14.9. Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү: 14.9.1. Банктын «Интернет-Банкинг» тутумундагы тейлөө боюнча кызматтарын Банктын Тарифтерине ылайык төлөөгө; 14.9.2. Бүткүл дүйнөлүк Интернет тарамы же мобилдик тиркеме аркылуу Эсепке жетүү үчүн “Интернет-Банкинг” тутумуна жетүү Коддорун үчүнчү жактардан жашыруун сактоо; 14.9.3. Мезгил-мезгили менен, бирок үч айда 1 ден кем эмес жолу «Интернет-Банкинг» тутумуна жетүү Кодун алмаштырууну жүргүзүү; 14.9.4. “Интерте-Банкинг” тутумуна жетүү Коддорун жоготкон/уурдаган/ыйгарым укуктуу эмес адам пайдаланган жана/же ал аркылуу Кардар “Интернет-Банкингге” кирүүнү жүзөгө ашырган жетүү түзүлүшүн жоготкон, уурдаган же ыйгарым укуктуу эмес адам пайдаланган учурда же Кардардын эсеби боюнча санкцияланбаган операциялар жүргүзүлгөндүгү табылганда, мындай талапты оозеки талапты бергенден кийин 3 (үч) банктык күндөн кечиктирбестен, кийин жазуу түрүндө почта аркылуу же факс аркылуу ырастоо менен тутумга жетүүнү блоктоо талабы менен Банкка телефон боюнча дароо кайрылууга. Мында Банк жазуу түрүндө өз учурунда кабарлама албаса, Кардар Банкка каршы талап койбогонго макул. 14.9.5. Банктык реквизиттердин жана төлөмдүн деталдарынын шайкештигин мезгили менен Төлөмдөрдү алуучулардын тизмегинен текшерип турууга, бул реквизиттердин которууларды алуучулардын банктык реквизиттери менен шайкештигин текшерип турууга.	14.9. Клиент обязан: 14.9.1. Оплачивать услуги Банка по обслуживанию в системе «Интернет-Банкинг» в соответствии с Тарифами Банка; 14.9.2. Сохранять в секрете от третьих лиц Коды доступа к системе «Интернет-Банкинг» для доступа к Счёту через всемирную сеть Интернет или мобильное приложение; 14.9.3. Периодически, но не реже чем 1 раз в три месяца, проводить замену Кодов доступа к системе «Интернет-Банкинг»; 14.9.4. В случае утери/хищения/использования неуполномоченным лицом Кодов доступа к системе «Интернет-Банкинг» и/или утери, хищения или использования неуполномоченным лицом устройств доступа, посредством которых Клиент осуществлял вход в «Интернет Банкинг» или при обнаружении случаев проведения операций по Счёту Клиента и/или сделки с использованием системы «Интернет-Банкинг», несанкционированных последним, незамедлительно обратиться в Банк по телефону с устным требованием блокировки доступа к системе (с сообщением Банку специальных данных, удостоверяющих личность Клиента) с последующим письменным подтверждением такого требования по почте или по факсу не позднее, чем в течение 3-х банковских дней после заявления устного требования. При этом, Клиент согласен не выдвигать требований против Банка, если Банк не был своевременно уведомлён о случившемся в письменной форме; 14.9.5. Периодически проверять соответствие банковских реквизитов и деталей платежа в Перечне получателей платежей, проверять соответствие данных реквизитов с банковскими реквизитами получателей переводов.

14.10. Кардар төмөнкүлөргө укуктуу: 14.10.1. Тутумга жетүүнү блоктоо жөнүндө тескемени ушул Келишимде каралган тартипте Банкка берүүгө; 14.10.2. «Интернет-Банкинг» тутумуна кирүү коддорун өз ыктыяры боюнча, бирок 3 (үч) айда 1 (бир) жолудан кем эмес, алмаштырып турууга; 14.10.3. Ушул Келишимде каралган учурларда тутумга жетүү блоктолгон учурда, “Интернет-Банкинг” тутумуна жетүүнүн жаңы Кодун алууга Банкка Арыз менен кайрылууга; 14.11. Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик алып жүрбөйт: 14.11.1. Кардардын жабдуусунун, түзүлүшүнүн, техникалык каражаттарынын, башка ресурстарынын бузуктугуна жана/же байланыш каналында коомуникациялардын бузулушуна байланыштуу Кардардын “Интернет-Банкинг” тутумуна жетүүнү алууда катасы, кечиккени же жөндөмсүздүгү үчүн; 14.11.2. Кардардын жабдыгынын же Кардардын жабдыгында сакталган маалыматтын бузулгандыгы үчүн, программалык камсыздоонун жана жеке компьютердин, жеке мобилдик телефондун жана/же Кардардын башка түзүлүшүнүн түрдүү вирустардан жана башка бузулуулардан/талкалануулардан коопсуздугу үчүн; 14.11.3. эгерде Кардардын Эсеби камакка алынса, Банкка аткаруу документтери же салыктык төлөм талаптары берилсе, же ал боюнча операциялар ушул Келишимде каралган тартипте жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кардар тарабынан токтотулган болсо, «Интернет-Банкинг» тутумун пайдалануу менен Кардардын нускамасын аткарбагандыгы үчүн 14.11.4. алардын жардамы менен «Интернет-Банкинг» тутумунда тейлөө жүргүзүлүүчү, үчүнчү жак тарабынан камсыз кылынуучу каражаттар, продуктылар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн (Интернетке жетүү провайдери, уюлдук байланыштын (радиотелефондук) каналдары ж.б.); 14.11.5. уруксатсыз кирүү (жана анын кесепеттери, анын ичинде келтирилген зыян)	14.10. Клиент имеет право: 14.10.1. Давать Банку распоряжение о блокировке доступа в систему в порядке, предусмотренном настоящим Договором; 14.10.2. Менять коды доступа в систему «Интернет-Банкинг» по своему усмотрению, но не реже чем 1 (один) раз в 3 (три) месяца; 14.10.3. В случае блокировки доступа в систему в случаях, предусмотренных настоящим Договором, обратиться в Банк с Заявлением на получение новых Кодов доступа к системе «Интернет-Банкинг». 14.11. Банк не несёт ответственность: 14.11.1. за ошибки, задержки или неспособность Клиента получить доступ в систему "Интернет-Банкинг", связанные с неисправностью оборудования, устройства, технических средств, прочих ресурсов Клиента и/ или сбоев коммуникации в каналах связи; 14.11.2. за повреждение оборудования Клиента или информации, хранящейся в оборудовании Клиента, за безопасность программного обеспечения и персонального компьютера, персонального мобильного телефона и/или иного устройства Клиента от различных вирусов и других повреждений/неисправностей; 14.11.3. за невыполнение инструкций Клиента с использованием системы «Интернет-Банкинг», если на Счёт Клиента был наложен арест, предъявлены в Банк исполнительные документы или налоговые платёжные требования, или операции по нему были приостановлены Клиентом в порядке, предусмотренном настоящим Договором, и/или в соответствии с законодательством Кыргызской Республики; 14.11.4. за средства, продукты и услуги, с помощью которых производится обслуживание в системе «Интернет-Банкинг», обеспечиваемые третьей стороной (провайдер доступа к Интернету, каналы сотовой (радиотелефонной) связи и пр.); 14.11.5. за несанкционированный доступ в систему (и его последствия, в том числе

үчүн, эгерде мындай кирүү Банктын көзөмөлүндө болбогон же Банктын көзөмөлүнө жатпаган жагдайларда орун алган болсо, жоопкерчилик тартпайт. Мындай жагдайларга төмөнкүлөр кирет, бирок алар менен чектелбейт: • Авторизация сессиясын, идентификациялык маалыматтарды, кирүү коддорун, сырсөздөрдү, ырастоочу коддорду уурдоо же тосуп алуу (анын ичинде зыяндуу программалык камсыздоо аркылуу, авторизация сессиясын алмаштыруу, кейлоггерлер жана башка мыйзамсыз кирүү каражаттары аркылуу); • Кардар шектүү шилтеме аркылуу өткөндөн кийин, кирүү коддорун жасалма (клондолгон) веб-сайттарга киргизгенден кийин же экранды көрсөтүү функциясын кошкондон кийин болгон фишинг чабуулу. 14.11.6. үчүнчү жактар тарабынан Кардардын уюлдук телефонунда жайгашкан уюлдук тиркеме аркылуу Кардардын эсептерине уруксатсыз кириши жана операцияларды жүргүзүшү үчүн; 14.11.7. “Интернет-Банкинг” тутумун пайдалануу менен туура эмес жүргүзүлгөн операциялар/бүтүмдөр жана Кардардын Эсебине санкцияланбаган жетүү аракеттери жөнүндө коддор жана 3D-Secure паролдору жана/же башка паролдор жана идентификаторлор менен менен SMS-билдирүүлөрдү алуу максатында ыйгарым укуктуу эмес жак тарабынан паролду жана/же колдонуучунун атын жана/же ПИН-кодду жана жетүүнү башка коддорун жана/же “Интернет-Банкиг” тутумуна жоготкондугу / уурдаткдыгы / пайдалангандыгы, жана/же алардын жардамы менен Кардар “Интернет Банкингге” кирүүнү жүзөгө ашырган жетүү түзүлүшүн, мобилдик телефонду/ ага мобилдик телефондун номери байланган, Кардар тарабынан Банкка билдирилген SIM картаны ыйгарым укуктуу эмес адам жоготкондугу, уурдагандыгы же колдонгондугу жөнүндө Банкка Кардар өз учурунда кабарлабаган кесепети үчүн; кандай болбосун чыгымдар жана мындай же ушуга окшош аракеттерден улам жоопкерчилик Кардардын Эсебине түшөт;	причиненный ущерб), произошедший со стороны третьих лиц, в случаях, когда такой доступ произошёл в ситуации, не подлежащей или не подпадающей под контроль со стороны Банка, включая, но не ограничиваясь: • кража/перехват Авторизационного сеанса работы, идентификационных сведений, Кодов доступа, паролей, кодов подтверждения (в том числе через вредоносное программное обеспечение, подмена Авторизационного сеанса работы, кейлоггеры, иные средства незаконного доступа); • фишинговая атака, совершенная в результате, включая, но не ограничиваясь: перехода Клиента по сомнительной ссылке, введением Кодов доступа на клонированный (фальшивый) сайтах, включение демонстрации экрана. 14.11.6. за несанкционированный доступ со стороны третьих лиц к Счетам Клиента и совершение операций через мобильное приложение, расположенное на мобильном телефоне Клиента; 14.11.7. за последствия несвоевременного уведомления Клиентом Банка об утере/хищении/использовании неуполномоченным лицом пароля и/или имени пользователя и/или ПИН-кода и иные коды доступа к системе «Интернет-Банкинг», и/или утери, хищения или использования неуполномоченным лицом устройств доступа, посредством которых Клиент осуществлял вход в «Интернет Банкинг», мобильного телефона/SIM-карты, к которой привязан номер мобильного телефона, сообщенного Клиентом Банку в целях получения SMS-сообщений с кодами, 3D-Secure паролями и/или иными паролями и идентификаторами, о неправильно произведённых операциях/сделках и о попытках несанкционированного доступа к Счёту Клиента с использованием системы «Интернет-Банкинг» (либо о совершении попытки такого доступа). Любые убытки или ответственность вследствие таких или подобных действий ложатся на Счёт Клиента;

14.11.8. “Интернет-Банкинг” тутумуна Жетүү кодун ыйгарым укуктуу эмес жак тарабынан жоготуу/уурдоо/пайдалануу жөнүндө маалымат Кардар тарабынан берилбеген учурда, Кардардын тескемесин аткаргандыгы үчүн;	14.11.8. за выполнение распоряжений Клиента, в случае непредставления Клиентом информации об утере/хищении/использовании неуполномоченным лицом Кодов доступа к системе «Интернет-Банкинг».
14.11.9. Арызда көрсөтүлгөн электрондук дарекке жиберилген маалыматты ыйгарым укуктуу эмес жак алгандыктан пайда болгон кесепет, анын ичинде келтирилген зыян үчүн;	14.11.9. за последствия, в том числе причиненный ущерб, возникшие вследствие получения неуполномоченным лицом информации, направленной на электронный адрес, указанный в Заявлении;
14.11.10. Кардардын “Интернет-Банкинг” тутумундагы төлөм тапшырмасын аткарбагандыгы үчүн, эгерде тапшырма толук эмес (туура эмес) форматта берилсе.	14.11.10. за невыполнение платежных поручений Клиента системе «Интернет-Банкинг», в случае если поручение было предоставлено не в полном (неверном) формате.
14.12. «Интернет-Банкинг» тутумуна кошулуу менен Кардар Интернет тарамы аркылуу банктык тейлөөгө макул болот, Интернет тарамы байланыштын коопсуз каналы болуп саналбасын түшүнүү жана ушул келишимге кол коюу менен кардар өзүнө төмөнкү бардык тобокелдиктерди алат: – байланыштын ушундай каналын пайдалануунун натыйжасында пайда болуучу, анын ичинде “Интернет-Банкинг” тутумуна жетүү Кодуна үчүнчү жактардын мүмкүн болуучу жетүүсүнө жана “Интернет-Банкинг” тутумуна жетүү Коду белгилүү болуп калган үчүнчү жактардын тескемесине байланышкан чыгашалык жана Кардардын эсеби (эсептери) жана Кардардын эсебин (эсептерин) башкаруу боюнча башка аракеттер боюнча башка операцияларды; – анын техникалык каражаттарын Интернет тарамына кошуу менен байланышкан, жана өзүнүн техникалык каражаттарын санкцияланбаган жетүүдөн жана зыяндуу программалык камсыздоодон өз алдынча коргоону камсыз кылат. Кардар Интернет тарамы аркылуу “Интернет-Банкинг” тутумун пайдалануунун натыйжасында пайда болгон мүмкүн болуучу бардык жоготууларды, чыгымдарды, зыянды ж.б., аны менен бирге Интернет тарамынан алдамчылык, хакердик, вирустук атакалардын натыйжасында өзүнө кабыл алат жана ушуну менен Банкка мындай учурда ага каршы доомат жана кандайдыр бир доону бербестигин кепилдейт, себеби Банк алдын ала	14.12. Подключаясь к системе «Интернет-Банкинг», Клиент соглашается на банковское обслуживание через сеть Интернет, осознавая, что сеть Интернет не является безопасным каналом связи и Клиент, подписанием настоящего Договора принимает на себя все риски: – возникающие вследствие использования такого канала связи, в том числе связанные с возможным доступом третьих лиц к Кодам доступа к системе «Интернет-Банкинга» и распоряжением третьим лицом, которому стали известны Коды доступа к системе «Интернет-Банкинга», расходных и иных операций по счету(-ам) Клиента и иных действий по управлению счетом(-ами) Клиента; – связанные с подключением его технических средств к сети Интернет и самостоятельно обеспечивает защиту собственных технических средств от несанкционированного доступа и вредоносного программного обеспечения. Клиент принимает на себя все возможные потери, убытки, ущерб и т.п., возникшие в результате использования системы «Интернет-Банкинг» через сеть Интернет, в том числе в результате мошеннических, хакерских, вирусных атак из сети Интернет и настоящим гарантирует, что не будет подавать претензий Банку или каких-либо исков против него в таких случаях, поскольку Банк предварительно и в полном

жана толук өлчөмдө Кардарга мүмкүн болуучу тобокелдиктер жөнүндө маалымат берген. Ушуну менен Кардар эсепти (эсептерди) башкарууга, эсептеги (эсептердеги) акча каражаттарын тескөөгө жана “Интернет-Банкинг” тутумун пайдалануу менен төлөмдөрдү жана операцияларды жүргүзүүгө ага техникалык мүмкүнчүлүктү берүүнү демилгечиси өзү экендигин, ошондой эле ал Банкты кандайдыр бир жоопкерчиликтен бошоткондугун, ал эми Банк ага тете үчүнчү жактар Кардардын персоналдык компьютерин, мобилдик телефонун жана/же башка түзүлүштү башкарууну басып алган, “Интернет-Банкинг” тутумуна жетүү Кодун уурдаган же Кардар коопсуздук жол-жоболорун сактабаган учурда Кардар үчүн пайда болушу мүмкүн болгон кандай болбосун кесепет үчүн анын алдында эч кандай жоопкерчилик тартпастыгын тааныйт жана ырастайт.	объеме информировал Клиента о возможных рисках. Настоящим Клиент признает и подтверждает, что сам является инициатором предоставления ему технической возможности управлять счетом(-ами), распоряжаться денежными средствами на счете(-ах) и осуществлять платежи и операции с использованием системы «Интернет-Банкинг», а также то, что он освобождает Банк от какой-либо ответственности, а Банк, соответственно, не несет перед ним никакой ответственности за любые последствия, которые могут возникнуть для Клиента в случае перехвата третьими лицами управления персональным компьютером Клиента, мобильного телефона и/или иного устройства, кражей Кодов доступа к системе «Интернет-Банкинга» или несоблюдения Клиентом процедур безопасности.
14.13. Авторизацияланган иш сеансынын чегинде «Интернет-Банкинг» тутумунун жардамы менен жүргүзүлүүчү бардык операциялар/бүтүмдөр Тараптар аркылуу Кардардын өзү жасаган операциялар/бүтүмдөр катары таанылат жана Кардар мындай операциялар үчүн толук каржылык жоопкерчилик тартат.	14.13. Все операции/сделки, произведенные посредством системы «Интернет-Банкинг» в пределах Авторизованного сеанса работы, безусловно и безоговорочно признаются Сторонами операциями/сделками, совершенными лично Клиентом и Клиент несет полную финансовую ответственность за такие операции.
14.14. Маалымат алуу жана операцияларды/бүтүмдөрдү жүргүзүү боюнча «Интернет-Банкинг» тутумундагы Авторизацияланган иш сеансынын чегинде жүргүзүлгөн бардык аракеттер Кардардын жеке өзү тарабынан жүргүзүлгөн катары тараптар таанышат жана Кардар мындай операциялар/бүтүмдөр үчүн толук жоопкерчиликти алып жүрөт.	14.14. Все действия в системе «Интернет-Банкинг» как по получению информации, так и по совершению операций/сделок, совершенные в пределах Авторизованного сеанса работы, безусловно и безоговорочно признаются Сторонами, совершенными лично Клиентом и Клиент несет полную финансовую ответственность за такие операции/сделки.
14.15. Банктын маалымат тутумунун протоколдорунда авторизацияланган иш сеансынын алкагында жүргүзүлүүчү операциялар/бүтүмдөр боюнча белгиленген маалымат “Интернет-Банкинг” тутумунда операцияларды/бүтүмдөрдү Кардар жасаганын фактыны ырастоочу документалдык булак катары Банк жана Кардар тарабынан таанылат, жана Кардардын тескемеси, ошондой эле эсептөөсү, Кардардын эсебинен же Кардардын талабы боюнча Банкка тиешелүү комиссияны Банктын Тарифтерине ылайык	14.15. Информация, зафиксированная в протоколах информационных систем Банка по операциям/сделкам, совершенным в рамках Авторизованного сеанса работы, признается Банком и Клиентом в качестве документального источника, подтверждающего факты совершения Клиентом операций/сделок в системе «Интернет-Банкинг», и является основанием для проведения Банком расчетов по распоряжениям Клиента, а также исчислению, списанию со счета Клиента или истребованию с

чыгаруусу боюнча Банк эсептерди жүргүзүүсү үчүн негиз болуп саналат.

14.16. Кардар «Инртент-Банкинг» тутуму аркылуу операцияларды/бүтүмдөрдү жүргүзүүгө өтө этияттык менен мамиле жасоосу, ошондой эле «Интернет-Банкинг» тутумунда атайын эмес же капыстан операцияларды/бүтүмдөрдү жүргүзүү мүмкүндүгүн төмөндөтүүгө аң-сезимдүү чараларды колдонуу керек. Авторизацияланган иш сеансы учурунда жүргүзүлгөн бардык операциялар, бүтүмдөр, анын ичинде товарларга/кызмат көрсөтүүлөргө төлөөлөр, которуулар жана төлөмдөр Кардардын тескемеси боюнча аткарылган жана алар тарабынан ырасталган деп эсептелет.

14.17. Банктын тигил же бул операциялар/бүтүм боюнча шарттарына Кардар менен макулдашуунун ырастоо менен «Интернет-Банкинг» тутуму аркылуу Банк менен банктык операцияларды/бүтүмдөрдү жүргүзүү Кардардын Банк менен мындай операция/бүтүм боюнча келишимдик мамилеге тургандыгы жана тутумдагы көрсөтүлгөн бардык шарттардын акцептиси деп саналат.

14.18. Тараптар машинада жана электрондук алып жүрүүчүлөрдө соттордогу талаштарды чечүү үчүн далил катары «Интернет-Банкинг» тутумун пайдалануу менен операциялар/бүтүмдор жөнүндө маалыматтарды таанууга макул.

14.19. «Интернет-Банкинг» тутумунда жеткиликтүү жаңы кызмат көрсөтүүлөрдү Банк ишке киргизгенде, Кардар “Интернет-Банкинг” тутумунун тиешелүү вкладкасында сүрөттөлгөн шарттарды кабыл алуу жолу менен аларды пайдалана алат, бул болсо конкреттүү ар бир жаңы кызмат көрсөтүү боюнча Банк тарабынан белгиленген эрежелерге Кардар макул деп эсептелет.

15. Картаны пайдалануу менен карт операцияларын жүргүзүү

15.1. Кардар тиешелүү арызды Банкка берген учурда, Банк Кардарга анын атына Банктык төлөм Картасын чыгарат, ал картанын банкта Эсеби болот, жана ушул Келишим менен каралган Карталык операцияларды ал жүргүзүүсү үчүн аны өлчөмү Банктын

Клиента, причитающихся Банку комиссий в соответствии с Тарифами Банка.

14.16. Клиент обязан относиться к совершению операций/сделок посредством системы «Интернет-Банкинг» с должной осторожностью, а также предпринимать разумные меры к снижению вероятности совершения непреднамеренных или случайных операций/сделок в системе «Интернет-Банкинг». Все операции/сделки, совершенные за время авторизованного сеанса работы, в том числе оплата товаров/услуг, переводы и платежи считаются исполненными по распоряжению Клиента и подтвержденными им.

14.17. Совершение банковских операций и/или сделок с Банком посредством системы «Интернет-Банкинг» с подтверждением Клиентом согласия с условиями Банка по той или иной операции/сделке считается вступлением Клиента с Банком в договорные отношения (заключением соответствующего договора) по такой операции/сделке и акцептом всех указанных в системе условий.

14.18. Стороны согласны признавать данные об операциях/сделках с использованием системы «Интернет-Банкинг» на машинных и электронных носителях в качестве доказательства для разрешения споров в судах.

14.19. При внедрении Банком новых услуг, доступных в системе «Интернет-Банкинг», Клиент может воспользоваться ими путем принятия условий, описанных в соответствующей вкладке системы «Интернет-Банкинг», что будет считаться согласием Клиента с правилами, установленными Банком по каждой конкретной новой услуге.

15. Осуществление Карточных операций с использованием Карты

15.1. В случае подачи Клиентом соответствующего Заявления в Банк, Банк выпускает Клиенту банковскую платёжную Карту, на имя Клиента, имеющего Счёт в Банке, и передаёт ее Клиенту за плату, размер которой установлен в Тарифах Банка, для

Тарифинде белгиленген төлөм менен кардарга берет. 15.2. Банк төмөнкүлөргө укуктуу: 15.2.1. Кардардын кошумча макулдугусуз (акцептисиз тартипте) комиссияларды, анын ичинде Кардар тарабынан жүргүзүлгөн Карталык операциялар үчүн, аны менен бирге Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары Карталык операцияларды жүргүзгөн учурда Кардардын эсебинен комиссиянын суммасын чыгаруу аркылуу башка банктардын комиссияларын кошо алууга. 15.2.2. Банкоматта Банкоматтын акча каражаттарына Кардардын жазуу түрүндө жүргүзгөн Арызынын негизинде жана Банктын ички жол-жоболору белгилеген тартипте ревизия/кайра эсептөө жүргүзүү аркылуу аныкталуучу ашыкчасын таппаган учурда, Ал Банкоматта акча каражаттарын алып жатканда Кардардын акчанын жетишсиздигине карата дооматын канааттандыруудан же Банкомат аркылуу Кардардын Эсебине депонирлөөдөн (толтуруудан) баш тартууга. 15.2.3. Кардар Картаны пайдалануу менен бир нече аныкталган убакыт бою Кардар тарабынан жүргүзүлгөн Карталык бир операциянын суммасына да, Карталык бардык операциялардын суммасына да жүзөгө ашыруучу Карталык операциялар боюнча жекече лимит (чектөө) коюуга. 15.2.4. Карта боюнча ПИН-Кодду пайдаланбастан операцияларды жасоого Карта Ээсине жеткиликтүүлүктү каалаган учурда жаап коюуга. 15.2.5. Айрым интернет ресурстарда Интернет төлөмдөргө жетүүнү кардарга өз ыктыяры менен чектөөгө, ошондой эле Кардардын жеке маалыматтарынын коопсузугун камсыз кылуу максатында бир суткага Карталык операциялардын/төлөмдөрдүн суммасы, саны боюнча лимит коюуга. 15.2.6. Ушул Келишимге жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Карта боюнча Карталып операцияларды жүргүзүү үчүн керектүү документтерди берүүнү Кардардан талап кылууга; 15.2.7. Кардар жүргүзгөн операциялар алдамчылыкка шек жаратса, электрондук почта	проведения им Карточных операций, предусмотренных настоящим Договором. 15.2. Банк имеет право: 15.2.1. Взимать без дополнительного согласия Клиента (в безакцептном порядке) комиссии, включая комиссии других банков, за произведённые Клиентом Карточные операции, в том числе за пределами Кыргызской Республики путём списания суммы комиссий со Счета Клиента в момент совершения Карточной операции. 15.2.2. Отказать в удовлетворении претензий Клиента относительно недостач(и) при получении им денежных средств в Банкомате/ или депонировании (пополнении) на Счёт Клиента через Банкомат, в случае не обнаружения излишков в Банкомате, определяемых посредством ревизии/пересчёта денежных средств Банкомата, произведённых на основании письменного Заявления Клиента и в порядке, установленном внутренними процедурами Банка. 15.2.3. Установить индивидуальный лимит (ограничение) по Карточным операциям, осуществляемым Клиентом с использованием Карты, как на сумму одной Карточной операции, так и на сумму всех Карточных операций, произведённых Клиентом в течение определённого периода времени. 15.2.4. В любое время закрыть доступ Держателю Карты в совершении операций без использования ПИН-кода по Карте. 15.2.5. По своему усмотрению ограничить Клиенту доступ к Интернет-платежам на некоторых Интернет-ресурсах, а также установить лимиты по сумме, количеству Карточных операций/платежей в сутки в целях обеспечения безопасности персональных данных Клиента. 15.2.6. Потребовать от Клиента предоставления документов, необходимых для проведения Карточных операций по Карте в соответствии с настоящим Договором и законодательством Кыргызской Республики; 15.2.7. Блокировать карту Клиента, если проводимые Клиентом операции вызывают подозрение на мошенничество, уведомив

аркылуу же СМС-билдирүү менен Кардарга кабарлап, Кардардын картасын блоктоого. 15.2.8. Кардардын Эсебинен жана /же кардарга таандык, Банктагы кандай болбосун башка Эсептен акцептисиз тартипте (Кардардын кошумча макулдугусуз) төмөнкү суммаларды өндүрүп алууга: a) Банктын Тарифтерине ылайык Картаны чыгаруу, жеткирүү жана тейлөө үчүн Банктын сыйакысын; b) Банктын Тарифтерине ылайык картаны колдонуу менен операцияларды жүргүзүү үчүн Банктын сыйакысын; c) ашыкча жана/же жаңылыш чегерилген же Кардар Банкомат аркылуу нак акча алган учурда төлөнгөн акча каражаттарын жана/же Ишканада орнотулган ПОС-терминал аркылуу Кардар товарлардын жана кызматтардын акысын төлөгөн учурда Кардардын эсебинен кармалбай калган акча каражаттарын; d) Кардардын күнөөсү боюнча дуушар болгон ар кандай чыгымдарды жана соттук чыгашалар же Картаны тейлөө менен байланышкан башка чыгымдарды. 15.2.9. Ушул Келишимдин шарттарын Кардар же анын Ишенимдүү Адамы бузган учурда, ошондой эле ушул Келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ченемдик укуктук актыларында каралган башка учурларда аны андан ары Кардардан жана анын Ишенимдүү адамынан алып салуу менен Картаны блоктоого. 15.2.10. Картаны чыгаруу жана жылдык тейлөө үчүн сыйакыны толук төлөгөнгө чейин картаны чыгарбоого же аны чыгарган учурда Арызды берген күндөн баштап 6 (алты) календарлык айдан ашык мөөнөттө Кардар Банкка Картаны алыш үчүн келбеген учурда Картаны жокко чыгарууга жана аны чыгаруу үчүн жана жылдык тейлөө үчүн толук же жарым-жартылай төлөнгөн сыйакыны Кардарга кайтарбоого. 15.2.11. Аны жүргүзгөн күндөн баштап 120 (бир жүз жыйырма) календарлык күн өткөндө Кардар көрсөткөн Карталык операция боюнча доомату кароого кабыл албоо.	Клиента по электронной почте или СМС-сообщением. 15.2.8. В безакцептном порядке (без дополнительного согласия Клиента) взыскать со Счета Клиента и/или с любых других счетов в Банке, принадлежащих Клиенту, следующие суммы: a) вознаграждение Банка за выпуск, доставку и обслуживание Карты в соответствии с Тарифами Банка; b) вознаграждение Банка за осуществление операций с использованием карты в соответствии с Тарифами Банка; c) денежные средства, излишне и/или ошибочно зачисленные или выплаченные Клиенту, при получении им наличных денежных средств через Банкомат и/или неудержанные со Счета Клиента при проведении им оплаты за товары и услуги через ПОС – терминал, установленный в Предприятии обслуживания; d) любые расходы и судебные издержки, понесённые Банком по вине Клиента или другие расходы, связанные с обслуживанием Карты. 15.2.9. Блокировать Карту в случае нарушения Клиентом или его Доверенным Лицом условий настоящего Договора, а также в иных случаях, предусмотренных настоящим Договором, законами и нормативными правовыми актами Кыргызской Республики, с последующим ее изъятием у Клиента или у его Доверенного Лица. 15.2.10. Не выпускать Карту до полной оплаты вознаграждения за ее выпуск и годовое обслуживание или в случае ее выпуска аннулировать Карту и не возвращать Клиенту выплаченное им полностью или частично вознаграждение за ее выпуск и годовое обслуживание в случае неявки Клиента в Банк для получения Карты в срок более 6 (шести) календарных месяцев со дня подачи Заявления. 15.2.11. Не принимать к рассмотрению претензию по Карточной операции, предъявленную Клиентом по истечении 120 (сто двадцати) календарных дней со дня ее совершения.

15.2.12. Кардарга же анын ишенимдүү адамдарына Карта чыгаруудан өзүнүн ыктыяры боюнча баш тартуу.	15.2.12. Отказать Клиенту в выпуске Карты или его доверенным лицам по собственному усмотрению.
15.3. Банк төмөнкүгө милдеттенет:	15.3. Банк обязуется:
15.3.1. Ушул келишимдин шарттарына жана Банктын тарифине ылайык Картаны тейлөөнү камсыз кылуу.	15.3.1. Обеспечить обслуживание Карты в соответствии с условиями настоящего Договора, и Тарифами Банка.
15.4. Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:	15.4. Клиент имеет право:
15.4.1. Банкка электрондук почта аркылуу Картаны ушул Келишимде каралган тартипте блоктоо же блоктон чыгаруу жөнүндө жазуу түрүндөгү Арыз менен же телефон боюнча оозеки талап менен кайрылууга;	15.4.1. Обратиться в Банк с письменным Заявлением, по электронной почте или устным требованием по телефону о блокировании или разблокировании Карты в порядке, предусмотренном настоящим Договором;
15.4.2. тиешелүү арызды жана ишеним катты Банкка тапшырып, өз эсеби боюнча Кошумча Картаны Ишенимдүү өкүлүнүн наамына тариздөө жана чыгаруу үчүн кайрылууга;	15.4.2. Обратиться в Банк для оформления и выпуска по своему Счёту Дополнительной Карты на Доверенное Лицо, предоставив в Банк соответствующее Заявление;
15.4.3. башкалар менен бирге Картаны колдонуу менен жүргүзүлгөн операцияларды чагылдырган өз эсеби боюнча Көчүрмөнү Банктан алууга;	15.4.3. Получить в Банке Выписку по своему Счёту, отражающую, в том числе, операции, произведённые с использованием Карты.
15.4.4. Контактысыз Картаны соода-сервистик ишкананын кассирине бербестен, Картаны контактысыз технологияны кармоочу Пос-терминалга тийгизүү аркылуу Контактысыз Карта боюнча операцияларды жүзөгө ашырууда Картадан керектүү маалыматты ПОС-терминал менен контактысыз эсептөөнүн Карталык операциясын өз алдынча жүргүзүү.	15.4.4. При осуществлении операций по Бесконтактной Карте самостоятельно провести Карточную операцию бесконтактного считывания ПОС-терминалом необходимой информации с Карты, не передавая Бесконтактную карту кассиру торгово-сервисного предприятия, путём поднесения карты к ПОС-терминалу, поддерживающему бесконтактную технологию.
15.4.5. Картаны алууну Картанын курьерлик кызмат аркылуу аныкталган Банктын Тарифтерине ылайык жеткирилиши аркылуу тариздөөгө.	15.4.5. Оформить получение Карты посредством доставки Карты курьерской службой в соответствии с установленными Тарифами Банка.
15.5. Кардар төмөнкүлөргө милдеттенет:	15.5. Клиент обязуется:
15.5.1. Картаны пайдалануу менен кардар же үчүнчү жак тарабынан жүргүзүлгөн Карталык бардык операцияларды же анын аналогун/Картанын маалыматтарын, ошондой эле Банк белгилеген лимиттин чегинде Контактысыз карта менен жүргүзүлгөн Карталык операцияларды так жана түп нуска катары таануу;	15.5.1. Признать достоверными и подлинными все Карточные операции, произведённые им или третьим лицом с использованием Карты или его аналога/данных Карты, а также Карточные операции, произведённые Бесконтактной картой в пределах установленных Банком лимитов;
15.5.2. Банктын Тарифтерине ылайык Банктын кызмат көрсөтүүлөрүн, ошондой эле Картаны пайдалануу менен анын карталык операцияларын Кардар жүзөгө ашырып жаткан процессте башка банктардын кызмат көрсөтүүлөрүн төлөө;	15.5.2. Оплачивать услуги Банка в соответствии с Тарифами Банка, а также услуги других банков, участвовавших в процессе осуществления Клиентом его Карточных операций с использованием Карты;

15.5.3. Картаны ыйгарым укуктуу эмес жак тарабынан жоготкондо / уурдатканда / пайдаланганда Картаны ушул Келишимде жана Банктын нускамасында каралган тартипте Блоктоо талабы менен оозеки же жазуу түрүндө дароо Банкка кайрылуу.	15.5.3. В случае утери / хищения / использования неуполномоченным лицом Карты немедленно обратиться в Банк в устной или письменной форме с требованием Блокирования Карты в порядке, предусмотренном настоящим Договором и Инструкциями Банка;
15.5.4. Картанын сакталышын жана Картадан пайдаланууга уруксат берүүчү ПИН-коддун жана башка коддордун жана Картанын жекече маалыматтарынын жашыруундуулугун камсыз кылууга;	15.5.4. Обеспечить сохранность Карты и конфиденциальность ПИН-кода и других кодов доступов к Карте и персональных данных Карты;
15.5.5. Карта боюнча кызматтарды алуу менен байланышкан, Банк Кардардын күнөөсү боюнча тарткан ар кандай чыгашаларды же соттук чыгымдарды шартсыз түрдө калыбына келтирүүгө;	15.5.5. Возмещать в безусловном порядке любые расходы или судебные издержки, понесённые Банком по вине Клиента, связанные с получением услуг по Карте;
15.5.6. Банктан ушул келишимди үзүү жөнүндө жазуу түрүндөгү билдирүүнү алган учурда Картаны колдонууну билдирүүдө көрсөтүлгөн күндөн баштап 3 (үч) Банктык күн ичинде токтотууга, ушул келишимдин алкагында чыгарылган бардык Карталарды Банкка кайтарууга.	15.5.6. При получении от Банка письменного уведомления о расторжении Договора прекратить пользование Картой и в течение 3 (трёх) Банковских дней со дня, указанного в уведомлении, вернуть Банку все Карты, выпущенные ему в рамках Договора;
15.5.7. Банк Картанын даяр болгону жөнүндө билдиргенден кийин кечиктирбестен, бирок өзү Арыз берген күндөн баштап 6 (алты) календарлык айдан өткөрбөй, Картаны алып кетүүгө же анын Банктын кызматкери тарабынан жеткирилишин тариздөөгө.	15.5.7. Забрать Карту или оформить ее доставку сотрудником Банка незамедлительно после уведомления Банком о готовности Карты, но не позднее истечения 6 (Шести) календарных месяцев со дня подачи Клиентом Заявления;
15.5.8. Контактысыз төлөм менен же ПИН-коддун топтому менен күбөлөндүрүлгөн Картаны пайдалануу же Карта ээсинин Слипке кол тамгасын коюусу менен, ошондой эле Картанын же Виртуалдык картанын маалыматтарын колдонуу менен жүргүзүлгөн карталык операциялар боюнча эсептешүү;	15.5.8. Рассчитываться по Карточным операциям, произведенным Бесконтактным платежом или с использованием Карты, удостоверенной набором ПИН-кода или подписью Держателя карты на Слипе, а также с использованием данных Карты или Виртуальной карты;
